УДК 81'36: 81'367

Мурзалиева З.К

*Кыргыз билим берүү академиясы*

# АТ АТООЧТУ СТИЛДИК МАКСАТТА ОКУТУУ БОЮНЧА САБАКТЫН ИШТЕЛМЕСИ

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** стилдин түрлөрү, ат атоочтун бөлүнүшү, максаттуу окутуу, ишмердүүлүк, сабактын билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк максаттары, фразеологиялык сөздүктөр, нускалуу коптер.

Стиль - бул сүйлөшүүнүн, информация алмашуунун ыкмасы, ык-амалдары, жол-жобосу. Коомдун, коомдук ишмердиктин натыйжасында мына ушул сүйлөшүү чөйрөлөрүнүн негизинде функционалдык стилдин беш түрү түзүлгөн. Алар:

1. Турмуш-тиричиликте сүйлөө стили.
2. Иш стили.
3. Илимий стиль.
4. Публицисткалык стиль.
5. Көркөм стиль.

Биз дайыма коомдо түзүлгөн сүйлөшүүнүн тигил же бул чөйрөсүндө функционалдык стилдин бир түрүндө иш алып барабыз. Биздин пикир алышуубуз стилден сырткары болбойт. Ошондуктан ар кандай сүйлөшүүдө стилдик өзгөчөлүктөрдүн, максат-талаптардын, нормалардын болушу да объективдүү. Мына ушул жагдай биздин сүйлөшүүбүздүн (сүйлөшкөндө түзүлгөн тексттердин) ар түрдүү, ар башка болушунун бир себеби болуп саналат. [1] Ушу жобого таянып, биз кыргыз тил сабагында ат атоочту окутууда стилди түшүндүрүүнүн ыкмаларына токтолуп, бир сабактын үлгүсүн көрсөтөбүз.

I. Сабактын темасы: Ат атоочту окутууда стилдик түшүнүктөрдү калыптандыруу.

II. Сабактын максаттары:

1. **Билим берүүчүлүк максаты**: окуучуларга ат атоочту окутууда кыргыз тилиндеги стилдик өзгөчөлүктөрдү колдонуу боюнча жалпы маалыматтар менен тааныштыруу;

2**. Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Окуучулардын ат атоочту үйрөнүүдөгү стилдик өзгөчөлүктөр менен өздөштүрүүнүн жалпы маселелери боюнча маалыматтарды ар тараптуу, тереңдетип кабыл алууга жетишүү;

3. **Тарбиялык максаты:** Ат атоочтун стилдик маанисин ачып көрсөтүү, жалпы сабакка тарбиялык багыт берүү.

III. Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү.

IV Сабактын түрү: Жаңы сабак, оюн

V. Сабактын методу: Интерактивдүү аралаш сабак.

VI. Сабактын жабдылышы: нускалуу коптер жазылган плакаттар, макал-лакаптар, газеталар, фразеологиялык сөздүктөр, оюндар үчүн ар түрдүү буюмдар ж.б.

VII. Сабактын жүрүшү:

а) классты уюштуруу;

б) өтүлгөн материалды кайталоо, суроо;

в) жаңы материалды түшүндүрүү боюнча мугалим кеңири токтолот.

**Мугалим**: Балдар, биз бүгүн силер менен «Ат атоочту стилдик максатта үйрөнүү» боюнча кеңири таанышабыз. Биздин бүгүнкү сабагыбыз төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат:

1. Маалыматтар тизмеги.
2. Акыл берметтери.
3. Макал-лакаптар.
4. Кыскача тексттер.
5. Тапкычтык.

6. Теманы бышыктоо, жыйынтыктоо.

**Мугалим**: – Балдар, силер бул сабакта жаңы маалыматты оюн түрүндө өткө-рүү менен бирге эле, кызыктуу суроолорго жооп таап, кыргыздын не бир сонун нускалуу кептерине, акыл-насаат сөздөрүнө күбө болосуңар. Бул сабакка активдүү катышкан окуучуларга «Акылдуу Ат атооч» деген наам ыйгарылат. Баарыбыз көңүл коюу менен, ар бирибиз активдүү катышабыз. Анда, сабакка көңүл бурабыз.

**I.** ***Маалымат тизмеги:***

Биз мурдагы сабактардан ат атооч, алардын бөлүнүшү, ат атоочтун жөндөлү-шү ж. у. с. түшүнүктөргө токтолгонбуз.

Демек, ат атооч бул - зат, сын, сан атооч жана тактоочтордун ордуна колдонулуучу сөздөр. Ат атоочтор төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:

1. **Жактама ат атооч** - мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер.
2. **Шилтеме ат атооч** - бу-бул, тиги-тигил, ошо-ошол, ушу-ушул, тетиги-тетигил, мына бу-мына бул, мына ушу-мына ушул.
3. **Сурама ат атооч** - ким? эмне? кайсы? качан? кайда? канча? кандай? кана? кайдан?
4. **Таңгыч ат атооч -** эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч кандай, эч канча, эчтеме, эч кайсы.
5. **Аныктама ат атооч -** бүткүл ,бардык,баары, бүтүн, ар ким, ар кайсы, өз, өзүм, ар бир, ар кандай, ар качан.
6. **Белгисиз ат атооч -** кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, кандайдыр бир, бир нерсе.

Мисал келтирсек: Ал келди. Биз бардык. Алар келишти деген сөздөрдөн ким? эмне? келгендигин ачык-айкын биле албайбыз, себеби булар менен аталган бир да зат жок. Демек, ал, биз, алар деген сөздөр конкреттүү бир заттын аты эмес, заттык мааниси өтө жалпыланып гана туюндурулган сөздөр.

**II.** ***Акыл берметтери*:**

**Мугалим:** - Эмесе, балдар, бул сабактан биз силер менен мындайча суроолорду талкуулайбыз:

1. Ат атоочтор жөндөлөбү?
2. Алар кайсы ат атоочтор?

1- окуучу:- Биринчи суроо боюнча, ат атоочтор жөндөлөт. Мисалы, жактама ат атоочтор төмөндөгүдөй болуп:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | мен | сен | ал |
| И | менин | сенин | анын |
| Б | мага | сага | ага |
| Т | мени | сени | аны |
| Ж | менде | сенде | анда |
| Ч | менден | сенден | андан |

2 - окуучу: Сурама ат атоочтор да жөндөлөт:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | канча | кандай | кайсы |
| И | канчанын | кандайдын | кайсыдан |
| Б | канчага | кандайга | кайсыга |
| Т | канчаны | кандайды | кайсыны |
| Ж | канчада | кандайда | кайсыда |
| Ч | канчадан | кандайдан | кайсыдан |

Башка окуучулар да өз ара талкуулашат, жоопторду, толуктоолорду, кошумчаларды айтышат. Сабакты байланыштыруу менен жаңы темага өтөт.

**Мугалим:**- Эмне үчүн ат атоочту стилдик максатта окууга үйрөнөбүз?

Адегенде **стиль жөнүндө кеңири маалыматка көңүлүбүздү бурабыз. Стиль – бул кептин белгилүү бир максатка, пикир алмашуунун чөйрөсүнө ылайыкташылган түрү**. Пикир алмашуу чөйрөсү ар түрдүү багытта болот да, алар илимий чөйрө, көркөм-

адабияттык чөйрө, расмий чөйрө, турмуштук чөйрө болуп бөлүнөт. Булардын максаттары ар башка болгондуктан, кептеги тил каражаттарынын тандалыштары жана алардын өз ара бөлүнүштөрү да бирдей болбойт. Мына ушул ири өзгөчөлүктөр стиль деп саналат. Стилдин түрлөрү төмөнкүлөр: оозеки сүйлөшүү стили, көркөм стиль, илимий стиль, публицистикалык стиль, расмий-иштиктүү стиль.

Мына ушу өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен оозеки сүйлөшүүдө, иштиктүү чөйрөдө, адабий турмуштук чөйрөлөрдө ат атоочтор арбын кездешкендиктен, ат атоочту стилдик максатта окутууга көнүл бурабыз [7]. Стилдик максатта сүйлөм түзүүдө орунсуз кайталоого жол берилбейт. Сабаттуу жазууга  жана туура сүйлөөгө үйрөтөт. Орунсуз кайталоодон ат атооч куткарып, ылайыгы келгенде зат атооч, сан атооч, сын атоочтун  да милдетин аткарган учурлары кездешет. Мисалы**: Динара келди. Динаранын бүгүн сабагы бар. Динара кыргыз тил жана адабияты сабагынан мугалим болуп иштейт.**

Мына ушул эле сүйлөм тизмегиндеги зат атоочтун орунсуз кайталоо стилин оңдоп, ат атоочту пайдалануу менен мындай текст түзсөк болот. **Мисалы: Динара келди. Анын сабагы бар. Ал көп жылдан бери мугалим болуп иштейт.**

Ушундай мисалдар сан атооч, сын атоочту пайдалануу менен да түзүлөт.

**Мисалы:  Тарелкада кызыл алма турат (сын атооч).**

**Канча алма алдың? (сан атооч)**

**Андай алманы көргөн жокмун.    (таңгыч ат атооч).**

Дээрлик эле ар бир сүйлөмдөн ат атоочту кездештирүүгө болот. Атап айтсак, макал-лакаптардан, ар түрдүү тексттерден, фразеологиялык сөздөрдөн, табышмак-жаңылмачтардан, ж.б. жолуктурабыз.

**III.** ***Макал-лакаптар.***

**Мугалим**: – Кана балдар, ат атоочтор катышкан макал-лакаптарды билесиңерби? Ким айтып берет?

*1 - окуучу:*- Эртеңкиге калбаса **анын** бүгүнкү иши,
Бул дүйнөдө бейпил жашайт **ал** киши.

*2 - окуучу*:- Бул дүйнөдө **ар бир нерсе** өзгөрөт, бирок асыл сапаттын каада нарктары **эч убакта** өзгөрбөйт.

*3 - окуучу:* **- Кимдир бирөө** бактысыз болуп калса, **сен ага** күлбөгүн .
Акыры арстан **дагы ошончо** күчү, кудурети менен тузакка
түшөт эмеспи.

**IV.** ***Кыскача тексттер***

*Айбек* : **Ал** бадалдуу бетке койду жайып таштап,
*Айнура*: **Эч бир** теңи жок бийик, уккулуктуу,
*Эржан* : Коңур үнүн **кээ бирде, баары** тыңшап тургандай сезилээр эле.

Сабактын кызыктуу өтүшү үчүн оюн түрүндө уюштуруу стилдик туура
сүйлөөгө, жазууга, ой жүгүртүүгө бир топ өбөлгө түзөт. Кезектеги бөлүмдө
биз буга көңүл бурушубуз абзел.

**V.** ***Тапкычтык***

**Мугалим**: - Балдар, биздин бүгүнкү максатыбыз ат атоочту стилдик максатта үйрөнүү болгондуктан, фразеологиялык сөздөрдү да унутпашыбыз керек. Эмесе ар бирибиз фразеологиялык сөздөрдөн айтып, ким көп тапса, туура
жооп берсе өзгөчө байгелер берилет.( Мугалим алдын-ала баалана турган белгилерди, желекче, жылдызчаларды даярдап коюшу керек.)

*1 - окуучу:* **Өзү** колдон суурулган эпчил, ат үстүнөн үч адамга алдырбас камбыл, өткүр **неме.**

*2 - окуучу*: **Бу** дүйнө, жашоо дегендин **өзү** колдун кириндей нерсеби?

*3 - окуучу*: Желколтук дардаң **деген бар**, желип жорткон **берен бар.**

*4 - окуучу:* **Ал** жел таман желип жортуп айылдап жүр, жээлигип **өзүн-өзү** дайындап жүр.

*5 - окуучу*: Эптеп **бирөөнү** айыптагысы келгендер**, өздөрү** бөйрөктөн шыйрак

чыгарышып, бүргөдөн май сызгырып алгылары келет эмеспи.
*6 - окуучу:* **Аларды** эпке көндүрүү текейден арзан .
Окуучулардын жакшы жооп бергендерине жылдызча жана желекчелерди таратылат.

**VI. *Сабакты бышыктоо*:**

**Мугалим:** – Балдар! Бүгүнкү өткөн сабагыбызда алган билимибизди жыйынтыктоочу убакыт келип жетти. Ат атоочту стилдик багытта үйрөнүү боюнча маалыматты кеңири ала алдыңар деп ойлойм. Анткени бүгүн бул сабакта макал- лакаптар, фразеологиялык сөздөр, адабий чыгармалардан үзүндүлөр айтылды. Муну менен силер оозеки сүйлөө речиңерде, жазуу иштериңерде да, орундуу ой жүгүртүп сүйлөөгө, туура жазууга көнүгүп, стилдик орунсуз кайталоого жол бербейсиңер деп ойлойм. Ошондой эле, биздин улуу муун калтырып кеткен эне тилибиз - кыргыз тилин туура, так жана алардын маанисин, мазмунун силер зирек акылыңар менен туюп, билип, өздөштүрүп кетүүңөргө бир топ өбөлгө түзүлдү болуш керек. Окуучулардын ой-пикирлерин угуу керек да, анан сабакты жыйынтыктоо процессине өтөбүз.

**VII. *Сабакты жыйынтыктоо*:**

1. Бүгүнкү сабакка активдүү катышкан ар бир окуучуга «жакшы» жана «эң жакшы» баалар коюлат да , «Акылдуу ат атооч» деген атайын төш белги тапшырылат.

2. Үйгө тапшырма берилет:

а) макал-лакаптардан,

б) көркөм –адабий текстерден,

в) лирикалык ыр саптарынан ат атооч катышкан стилдик сөздөрдү таап келгиле. Бүгүнкү сабакка активдүү катыша албаган окуучулар жакшы даярданып, келип жооп беришет деген ойдомун. Сабакты ушуну менен жыйынтыктайбыз. Саламатта баргыла!

**Адабияттар:**

1. Исаков Б. Кыргыз тили. 5-6 класстар үчүн вариат. окуу китеби. - Б.: Мектеп, 2000. - 69 б.
2. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. - Ф., 1980, 18-34-78-120 бб.
3. Оторбаев Б.К. Мугалим. № 1, 2006, 53-б.
4. Ибраим кызы А. Муундан-муунга өткөн «Адеп күзгүсү». Информация сабагында. - Б., 2008.
5. Ташматов Т., Акматов А. Ой гүлдөрү. - Б.: Адабият, 1991.
6. Үсөналиев С. Кыргыз тили 6- класс. - Б., 2007, 186-219.бб.
7. Мусаева В.И. Кыргыз тили жана адабияты боюнча методикалык колдонмо. - Б., 2006, 17 б.